SOS ДЕТСКИЕ ДЕРЕВНИ

SOS УЧЕБНО-ВОСПИТАТЕЛЬНЫЙ КОМПЛЕКС ГЕРМАНА ГМАЙНЕРА БИШКЕК

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

**№ 67/2 2021-жылдын 30-март**

***“Жарандык коргонуу” күнүн өткөзүү жөнүндө”***

*КР ӨКМнүн Бишкек шаарында “Жарандык коргонуу” боюнча окууларды өткөрүү графигинин негизинде*

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. 2021-жылдын 31-мартында “Жарандык коргонуу” боюнча окутуу иштери жүргүзүлсүн. Жооптуу: ОТКнын дене тарбия мугалими А.И. Жунушалиев.
2. “Жарандык коргонуу” боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыксын.
3. Класс жетекчилер өздөрүнүн класстары менен уюштуруу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.
4. 2021-жылдын 31-мартында ОТКнын кызматкерлери менен эвакуациялык иш чаралар өткорүлсүн.
5. ОТКнын медайымы К.Ж. Бошкеева керектүу медициналык керек-жарактар, дары-дармектер менен камсыздасын.
6. Бул буйруктун аткарылыш милдети директордун тарбия иштери боюнча орун басары Н.Р. Кулалиевага жүктөлсүн.

**Директор** **С.Б. Тенизбаева**

Буйрук менен тааныштым: Н.Р. Кулалиева

"БЕКИТЕМИН"
ОТКнын мүдүрү С.Б. Тенизбаева
"30" 03 2021-ж.

## Жарандык коргонуу Күнүн өткөрүү тартиби

| № п/п | Өткөрүлүүчү иш-чаралар | Өткөрүү убакыты жана орду | Ким өткөрөт | Аткарылгандыгы жөнүндө маалымат |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин ЖК Комиссиясын чогултуп, ЖК Күнүн өткөрүүгө даярдыктар маселелери боюнча ЖК боюнча Комиссиянын кеңири отурумун өткөрүү | Комиссиянын отуруму 25 март | Тенизбаева С.Б. | |
| 2 | Бардык катышуучулардын жана чакырылгандардын катышуусу менен чогулушун өткөрүү | | Тенизбаева С.Б. | |
| 3 | Мектептин эрте кабарландыруу системасын колдонуу менен практикалык машыгууларды өткөрүү – «Көңүл бургула!» кабарландыруу сигналын берүү жана үйрөнүүчү өзгөчө кырдаалдар жарагандыгы жөнүндө (сценарий боюнча) кептик маалымат берүү | | Жунушалиев А.И. | |
| 4 | Шашылыш эвакуациялоо боюнча практикалык машыгууларды өткөрүү – бардык мектеп кызматчыларын жана окуучуларын (үйрөнүүчү өзгөчө кырдаалдар боюнча) коопсуз жерге (тилкеге) шашылыш эвакуациялоо | | Жунушалиев А.И. | |
| 5 | Бардык мектеп кызматчыларынын жана окуучулардын жалпы тизилиши, эвакуациялоонун өтүшүн текшерүү | | Жунушалиев А.И. | |
| 6 | Жардамга келген Жарандык коргонуунун профессионалдык бөлүмдөрү менен бирге аракеттенип мектеп түзүүлөрүнүн практикалык көрсөтмө аракеттерин өткөрүү:<br>• *биринчи жардам көрсөтүү боюнча*<br>• *жабырлануучуларды эвакуациялоо боюнча*<br>• *ата-энелерди, калкты маалыматтандыруу боюнча*<br>• *жана башка ӨК сценарийине ылайык* | | Жунушалиев А.И.<br>Бошкеева К.Ж.<br>мугалимдер жана 11-класстын окуучулары | |
| | **Жарандык коргонуу Күнүнүн жыйынтыгын чыгаруу** | | | |
| 1 | Бардык катышуучулардын жана чакырылгандардын катышуусу менен жалпы мектеп «линейкасын» өткөрүү, ЖК Күнүнүн жыйынтыгын чыгаруу | | Тенизбаева С.Б. | |
| 2 | ЖК Күнүнүн жыйынтыгын чыгаруу жөнүндө Мүдүрдүн – ЖК жетекчисинин буйругун жарыялоо | | Тенизбаева С.Б. | |

Исх.: 45

"31" март 2021-ж.

**Жарандык күнүн өткөрүү боюнча маалымдама**

2021-жылдын 31-мартында саат 09:00дө Октябрь райондук Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн кызматкерлери Султанов Улан Талантбекович, Кабылбеков Мырзабек Кабылбековичтин катышуусу менен Жарандык коргонуу боюнча иш чара өткөрүлдү. Бул иш чарага ОТКнын бардык кызматкерлери 50 адам катышты. Алгач эвакуация иши өткөрүлдү, алардын бардыгы 2 минутада чыгууга үлгүрүштү. Эвакуация учурунда ар бир кызмат:

1. кабарлоо пункту;
2. кабарлоо байланышы;
3. медициналык кызмат;
4. чалгындоо;
5. биринчи жардам көрсөтүү өз иштерин так аткарышты.

Мектептин алдына чогулушуп, бардык кызматкерлердин аман-эсен чыккандыгын, жоготуу жок экендигин мектептин мүдүрүнө маалымдашты. Андан соң кызматкерлер өздөрүнүн суроолору менен Өзгөчө кырдаалдын кызматкерлерине кайрылышты. Бардык суроолорго так жооп ала алышты. Дагы бир жолу кырсыкты алдын ала болтурбоо үчүн инструктаж өткөрүлдү. Кийинки ушундай иш чара 16-апрелде окуучулардын катышуусу менен өткөрүлө тургандыгы макулдашылды.

ОТКнын мүдүрү С.Б. Тенизбаева

"SOS учебно-воспитательный комплекс Германа Гмайнера г. Бишкек" учреждение * SOS Hermann Gmeiner Educational Complex Bishkek * ИНН 00805200210198